DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Бадалова К.Э.*

**2010-ЖЫЛДЫН ИЮНЬ ОКУЯСЫНА ТАРЫХЫЙ САРЕСЕП**

*Бадалова К.Э.*

**ИСТОРИЧЕСКИЙ ОБЗОР ИЮНЬСКИХ СОБЫТИЙ 2010 ГОДА**

*K. Badalova*

**HISTORICAL OVERVIEW OF THE JUNE EVENTS OF 2010**

*УДК: 9.93*

*Бул макалада 2010-жылдын июнь айында келип чыккан Кыргызстандын түштүк аймагындагы улуттар аралык кагылышуу окуяларынын тикеден тике келип чыккан себептери каралган. Фергана өрөөнүнүн аймагындагы кагылышуулар жөнүндө көп сандаган айтымдар бар. Кагылышуулар үчүн жетиштүү ар түрдүү жүйөөлөр болгон, бирок көтөрүлгөн уруулардын (этностук топтордун) талаптарын иликтей келгенде, бул талаштардын эки оорчундуу себеби: аймак жана экономикалык баалуулуктарды көзөмөлдөө үчүн күрөш болгону көрүнүп турат. 2010-жылдын июнундагы окуя мурдагыдан айырмаланып көптөгөн курмандыктарга, Ош шаарынын, Ош жана Жалал-Абад областарынын аймактарында жайланышкан мамлекеттик объектилерге, кичи жана чакан бизнестин объектилерине, жеке менчикке, жарандардын турак жайларына ири материалдык чыгымдарга, ички жана тышкы миграцияны күчөтүүгө алып келди. Баарынан өкүнүчтүүсү орду толгус моралдык жоготууга кириптер кылды. Ош окуясынын чыгуусу жүрүшү жана улутчул сепаратисттердин бузуку аракеттери жана чагымчылардын аракеттери бүт жазылган. чагымчылдардын аракеттери менен үчүнчү күчтүн аракеттери окуяны баштаганы жана көздөгөн максатына жете албаганы өзүн гана ойлогон, эртеңки күн менен эсептешпеген инсандарыбызга сабак болсун. Эки улуттун биримдиги түбөлүккө сакталсын.*

***Негизги сөздөр**: себептер, кагылышуу, конфликт, келип чыгуу, окуя, этностор аралык, этнос, саресеп.*

*В данной статье рассматриваются непосредственные причины межэтнических столкновений в июне 2010 г. на юге Кыргызстана. Есть много сведений о столкновениях в Ферганской долине. Однако, когда дело доходит до рассмотрения требований восставших племен (этносов), то основных причин этого противоречия две: борьба за контроль над региональными и экономическими ценностями. События июня 2010 г. привели к увеличению числа жертв, увеличению ущерба объектам общественного пользования в Ошской и Джалал-Абадской областях, малому и среднему бизнесу, частной собственности, жилью, увеличению внутренней и внешней миграции. Больше всего он понес невосполнимую моральную утрату. События в Оше и бесчинства национал-сепаратистов и провокаторов зафиксированы. Пусть тот факт, что действия провокаторов и действия третьей силы начали эти конфликты и не достигли своей цели, станет уроком для тех из нас, кто думает только о себе и не думает о будущем. Пусть единство двух народов сохранится навеки.*

***Ключевые слова:** причины, столкновения конфликт, предпосылки, возникновения, события, межэтнический, этнос, анализ.*

*This article examines the immediate causes of interethnic clashes in June 2010 in southern Kyrgyzstan. There is a lot of information about clashes in the Ferghana Valley. However, when it comes to considering the demands of the rebel tribes (ethnic groups), there are two main reasons for this contradiction: the struggle for control over regional and economic values. The events of June 2010 led to an increase in the number of victims, an increase in damage to public facilities in Osh and Jalal-Abad regions, small and medium-sized businesses, private property, housing, an increase in internal and external migration. Most of all, he suffered an irreparable moral loss. The events in Osh and the atrocities of the national separatists and provocateurs have been recorded. Let the fact that the actions of provocateurs and the actions of a third force started these conflicts and did not achieve their goal be a lesson for those of us who think only about ourselves and do not think about the future. May the unity of the two peoples be preserved forever.*

***Key words:** causes, collisions, conflict, preconditions, occurrences, events, interethnic, ethnos, analysis.*

Кыргыз элинин тээ байыртан берки тарыхына саресеп салып, кыргыз өзбек чатактары жөнүндө маалымат таба албадым. Демек өткөн тарыхыбызда кыргыз эли менен өзбек элинин ортосундагы мамилелер жаратылышынан тең салмактуу болуп, товар алмаштырууда ар биринин аткаруучу милдеттери акыйкат бөлүштүрлүп, турмуш тиричилик айлампасында бири бирин толуктап турган. Туткан диндери бир болуп, бул багытта да ажырымдар болгон эмес экен.

Фергана өрөөнүндө байыркы мезгилден бери эки жамааттын өкүлдөрү көчмөн жана отурукташкан элдердин тобу карым-катышта жашап келишкен. Чарба жүргүзүү, соода баскынчыларына каршы турууда эриш аркак мамилелер калыптанган.

Турмушта өтүп жаткан ар бир окуя өзүнүн өлчөмүндө ар түрдүү себептерге ээ болот. Бир окуя экинчи бир окуянын туундусу болуп эсептелет. Болуп өткөн июнь окуяларынын чыгыш себептерин өткөн кылымдын 90-жылдарындагы ушуга эле окшош окуялар менен байланыштырсак болот. Кыргызстан өзү көп улуттуу өлкө болуп эсептелет. Негизинен кыргыздар, өзбектер, орустар, украиндер, дунгандар, калмактар, уйгурлар, немецтер ошондой эле көп санга жетпеген дагы 40 этникалык топтун өкүлдөрү жашашат. Алдыңкы этникалык топтордун (кыргыздардын, өзбектердин, орустардын) өз ара мамилелери ар кандай мезгилде өзүлөрүнүн өзгөчөлөнгөн абалында болуп келген. Мына ушундай жагдайда жашап келген эки улуттун ортосундагы мамиле эмне себептерден бир заматта ордун жоготуп конфликтке алып келди;

Коомдогу конфликттердин ичинен улуттук (этникалык) сезимге, диний сезимге негизделген конфликтер эң татаал кооптуу. Себеби аталган сезимдер: адамдын аң-сезими, жан дүйнөсү, психологиясы, дүйнө таануусу менен тыгыз байланышкан. Ошондуктан,

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



бул мамилелер (этникалык, диний) эң назик,эң аяр, терең ойлонулган мамилени талап кылаары шексиз...

Коомдун (адамдар коомду түзүшөт) аң-сезими, жан дүйнөсү, психологиясы, дүйнө таануусу б.а. руханий-нравалык дүйнөсү, анын сапаты таза, бийик болсо, ар кандай конфликттерге да жол берилбейт. Дүйнөдөгү эң байыркы диндерден болгон зороастризм дининин ыйык китеби болгон Авестада мындай деп айтылат: «Руханий дүйноң (ички дүйнөң, жан дүйнөң) таза болсо, оозуңдан жакшы сөз чыгат. Оозуңан жакшы сөз чыккан адамдын колунан жакшы иш келет».

II миң жылдыктын ортосунда Борбордук Азияда, анын ичинде Кыргызстанда заманбап түрк элдеринин алдында жашап өткөн этносаясий бирикме түзүлгөн. Түрк жазмасы, адабияты, дини, кайталангыс маданияты пайда болгон. Узак убакыттар бою түрк элдери жалпы салт-санаага жана жалпы тарыхка ээ болушкан. Бир уруулардын башкаларга алмашуусу, алардын толук жоголушу болгон эмес, алар жаңы этникалык жана мамлекеттик түзүлүштөрдө, кээде башка аталышта сакталып калышкан.

«Түрк» (күчтүү, бекем) аталгысы жамдама болуп саналат, ал бара-бара гана «түрк-болун» уруулар бирикмесинин этностук аталышына айланып кеткен. Кийинчерээк бул аталгы менен түрк каганатынын курамына кирген ар түрдүү көчмөн урууларды да атай башташкан [2, 7-б.].

Каганаттардын жашап өтүү ирээти, өзүнөн өзү, изилдөөгө алынып жаткан аймакта ар кыл уруулардын жана башкаруучулардын ортосундагы ич ара согуштар алар пайда болгон учурдан тартып эле орун алып келгенинини оорчундуу жетиштүү далили болуп саналат. Тарыхчылар каганаттарынын бөлүнүүлөрүнүн жана өзгөрүүлөрүнүн төмөнкү себептерин бөлүп көрсөтүшөт:

– Башкаруучулар жана уруу бирикмелеринин ортосундагы бийлик үчүн күрөш;

– Байлыкты бөлүштүрүү жана кайра бөлүштүрүү үчүн күрөш (уруулар ортосундагы уруштар жана кагылышуулар);

Фергана өрөөнүнүн аймагындагы кагылышуулар жөнүндө көп сандаган айтымдар бар. Кагылышуулар үчүн жетиштүү ар түрдүү жүйөөлөр болгон, бирок көтөрүлгөн уруулардын (этностук топтордун) талаптарын иликтей келгенде, бул талаштардын эки оорчундуу себеби: аймак жана экономикалык баалуулуктарды көзөмөлдөө үчүн күрөш болгону көрүнүп турат [1, 9-б.].

Каганаттардын жашап өткөн ирээтин, ошондой эле каганаттардын курамына кирген этностук топтордун наразылыктарын басуунун жыштыктарын иликтей келгенде, уруулар же этностук топтордун ортосундагы кагылышуулар, тарыхый жактан деле адаттан сырт же аймакка мүнөздүү болбогон окуялардан эмес экени жөнүндө жыйынтык чыгарууга болот. Ички көтөрүлүштөрдүн жана көрүнө нааразылыктардын ачыкка чыгуу жыштыгы 20-30 жыл менен аныкталат, бул ар бир муундун эр жетүү мезгилине барабар убакыт. Иш жүзүндө, каганаттын жашап туруу таржымалында 3-4 ири ички уруштар сыпаатталып жазылган.

Бул фактыны этнопсихологиянын көз карашынан кароо менен, төмөнкүдөй тыянак чыгарууга болот: изилдөөгө алынган аймакта каганаттар жашап турган мезгилде этноэкономикалык жана этносоциалдык негиздеги этностор аралык кагылышуулар жетиштүү санда болгон.

Башкача айтканда, биз тарыхый процесстин ичинде, аймак үчүн, сепаратисттик маанайдагы жана социалдык-саясий жана социалдык-экономикалык себептерге байланыштуу күрөштөр болуп келгенин байкайбыз.

Тарыхый жүрүм жана анын Кыргызстандын аймагында өтүү өзгөчөлүктөрү, этностор аралык жаңжалдарга байланыштуу төмөнкүдөй тезисттерди жылдырууга негиз берет:

1. Аймактык, саясий, экономикалык, социалдык же аралаш жаңжалдар ар дайым этностук түскө ээ болуп келген.

2. Байыркы каганаттардын элдеринин тарыхый көндүмү социалдык жана тарыхый адилеттүүлүк башкаруучу этноско каршы күрөштө" экени жөнүндө каңкуулап турат.

3. Тарыхый булактар, каганаттардын элдеринин ортосундагы мына ошол күрөшкө, зомбулук аракеттерге жана алардын ортосундагы куралдуу кагылышууларга басым жасайт.

4. Тарыхый процесстин жүрүшүндө этностордун такай карама-каршы турууларынын көйгөйүнүн чечилиши табылбаган, башкача айтканда, азыркы убакка чейин бул көйгөй бир да жолу чечилген эмес.

Июнь коогалаңын артында конкреттүү адамдар, акчалуу адамдар турган.Ал эми моралдык-нравалык жактан алганда алар кимдер,алардын руханий дүйнөсү кандай деген маселе турат.

Аргасыздан - «Алайын» деп жутунба, ач көздүктүн белгиси, «Жулайын» деп умтулба, журт бузаардын белгиси деген лакаптар эске келет.

Адам канчалык бай болуп, материалдык жактан толук камсыз болгон менен ички дүйнөсү жарды болсо , маданияты төмөн болсо,дүйнө таанусу тар болсо, Авестада айтылгандай анын оозунан да, колунанда жакшы иш келбейт. Эгерде биз көңүлгө тутуп аткан адамдардын ички дүйнөсү таза болгондо, дүйнө таануусу масштабдуу болгондо - мындай жолду тандашмак эмес.

Ачыгын айтыш керек, 1990-жылы Ош окуясына байланыштуу адилетсиз айыпталып, сот жообуна тартылгандардын көбү кыргыздар болгондугу айрыкча жаштар арасында кыжырдануну пайда кылганы жа-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



шыруун эмес. Эл арасында «ош окуясына туура эмес баа берилди, чыныгы күнөөкөрлөр жазасыз калды жана өзбек жамаатынын бейформал лидерлеринин улуттук сепаратизмди күчөткөн чакырыктарына укуктук баа берилбеди» деген түшүнүк күчтүү эле. Чындап эле 1990-жылкы улуттар аралык араздашууга үстүртөн баа берилип калгандыктан туптуура жыйырма жылдан кийин, 2010-жылдын 10-июнунда, Ош коогасы кайрадан кайталанган деп парламенттик комиссия жыйынтык чыгарды [1, 8-б.].

10-июнда башталган Ош окуясынын түбү 90-жылдардагы синдромдон улам калгандыгын жана 7-апрелдеги элдик революциядан улам келип чыккандыгын белгилешибиз керек. Мында эң башкы субъективдүү себеп болуп этникалык өзбектердин мурдатан эле өз алдынчалыкка, өзүнчө автономия түзүүгө жасалган даярдыктары эсептелинет. Сепаратисттик маанайдагы өзбек лидерлери, кыргыз парламентинин өзбек улутундагы депутаттары (К.Батыров, И.Абдурасулов, Ж.Салахудинов ж.б.) этникалык өзбектерди, 90-жылы биз уттуруп койгонбуз, эми реванш алып өз алдынча болушубуз керек, - деген маанайда даярдай баштаашкан. Булардын даярдыгы 10 жылдан мурун эле башталып талаптар күчөп,куралдана башташкан. 7-апрелдеги окуя булар үчүн оңой берди болуп, бийликтин алсыздыгынан, саясий-экономикалык кризистен пайдаланышкан.

Ошол мезгилде Кыргызстанда күч структуралары өтө оор абалда болгон. Армиянын түштүктөгү бөлүктөрү толук кыскартылган, ички иштер системасынын кызматкерлери да толук түрдө үй-бүлөгө баш ийип, убактылуу өкмөткө баш ийүүдөн көпчүлүгү баш тартып турушкан. Өзгөчө жогорку эшалондогу командалык составы толук түрдө үй-бүлөгө баш ийген.

Коопсуздук кызматы кайта-кайта реформалана берип, профессионалдар иштен бошотулуп, компетентсиз кызматкерлер келип, өзүлөрүнүн уставдык милдеттерин аткарбай, башка үй-бүлөгө керектүү иштер менен алек болуп калышкан. Жалпылап айтканда күч структуралары толук деградациядага учурап калган. Мына ушулардын негизинде Убактылуу өкмөттүн күчү аз болгон.

2010-жылдагы Ош окуясынын 90-жылдан айырмасы коогалаң жаңы саясий кырдаалда, эгемендүү кырдаалда, эгемендүүлүк доордо келип чыкты. Аны алдын алуу, болтурбай коюу жана кесепеттерин жоюу мамлекеттин иши болуучу. Ошол себептүү коогалаңды басууга сырттан аскер контингенттери киргизилбестен, кыска мөөнөттө токтотууга мүмкүн болду. Андан көп узабай эле бүткүл добуш берүү өткөрүлдү.

Бирок, 2010-жылдын июнундагы окуя мурдагыдан айырмаланып көптөгөн курмандыктарга, Ош шаарынын, Ош жана Жалал-Абад областарынын аймактарында жайланышкан мамлекеттик объектилерге, кичи жана чакан бизнестин объектилерине, жеке менчикке, жарандардын турак жайларына ири материалдык чыгымдарга, ички жана тышкы миграцияны күчөтүүгө алып келди. Баарынан өкүнүчтүүсү орду толгус моралдык жоготууга кириптер кылды.

Дагы бир айта турган маанилүү себеп бул баңги заттардын жана аны ташып сатуунун Кыргызстан аркылуу өтүп таратылышы. Ошол кездеги бийлик, анын өкүлдөрү ошол сепаратистер менен соодага барышып, Конституцияга каршы келе турган талаптарды тыйып коё алган эмес. Себеби аларга шайлоо мезгилинде өзбектердин добушу ар дайым керек болуп келген.

Ушундай себептерди сереп кылып салып карап көрсөк, июнь окуяларынын башкы себеби, аны уюштуруучулар - өзбек сепаратистери, лидерлери, кыргыз парламентиндеги өзбек улуттундагы депутаттар, баңги зат ташып аны менен алектенгендер, Убактылуу өкмөттү таанығысы келбеген мамлекеттик кызматкерлер, Бакиевдин үй-бүлөөсү жана аны жактаган реваншистер болушкан [2, 138-139-бб.].

XIX кылымда Кокон хандарын кол каптай алмаштырып, улут - деп ураан чакырган Алымбек датка атабыз: «Элге адилет амирлик кылам десең, ар дайым чындык изде, журтка калыс бол!» - деп бекеринен айтпаган чыгаар. Бул коогаландын чыгуу себептерин изилдегенде, саресеп салганда дагы бир чоң себепчилер тургансыйт. Алар чагымчылдар. Чагымчылдардын жасаган аракеттери жөнүндө Мелис Мырзакматовдун «Мен издеген чындык», - деп аталган эмгегинен мисалдарды келтиребиз: - Июнь коогалаңынын себептерин 7-апрелдеги жана андан кийинки окуялардан кором. Ушул окуяларга кошул ташыл сепаратисттик маанайдагы саясатчылар дароо жандана баштагандыгын өзгөчө белгилегим келет. Керек болсо, «бул учурду 20 жылдан бери зарыга күткөнбүз» деген чакырыктар жаралып, эл арасын терең бушайманга салды. «Ойноп сүйлөсөң да, ойлоп сүйлө», - дейт элибизде. Мелис Мырзакматовдун бул эмгегинде Ош окуясынын чыгуусу жүрүшү жана эки республиканын президенттеринин каттары, улутчул сепаратисттердин бузуку аракеттери, котур ташын койнуна каткан чагымчылардын аракеттери бүт жазылган. Фактыларга таянганда Кадыржан Батыровдун Кыргызстандын саясатын сындап, сырттан тамаша кылып тура беребизби, баш аламан мезгилден пайдаланабыз де-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



ген маалыматтарын окуганга болот, эмгектин 206 бетинен. Демек, чагымчылдардын аракеттери менен үчүнчү күчтүн аракеттери окуяны баштаганы жана көздөгөн максатына жете албаганы өзүн гана ойлогон, эртеңки күн менен эсептешпеген инсандарыбызга сабак болсун. Эки улуттун биримдиги түбөлүккө сакталсын.

**Адабияттар:**


1. Мырзакматов М. Мен издеген чындык. - Б.: Турар, 2011.
2. 2010-жылдын апрель-июнунда республикада болуп өткөн кайгылуу окуяларга алып келген шарттарды жана кырдаалды ачып көрсөтүү жана иликтөө менен ага саясий баа берүү боюнча убактылуу депутаттык комиссиянын иши тууралуу Отчету. - Б., 2011.
3. Кененсариев Т. Кыргыздар жана Кокон хандыгы. - Ош, 1997.
4. Омуралиев Н.А. Межэтнические конфликты в КР социологический анализ. - Бишкек: Илим, 2012.
5. Июньские трагические события 2010 года: причины и уроки. Республиканская научно-практическая конф. - Б., 2011.
6. Талаа материалдары: Шамшиев А. Ош шаарынын жашоочусу. Ак буура милиция бөлүмүнүн башчысы.
7. Талаа материалдары: Сарыбаев.А.Ө. Кандуу калабанын катышуучусу. Халматов Бахадр. Окуянын биринчи күнүнөн тарта катышкан.